КЫРГЫЗ-ТҮРК МАНАС УНИВЕРСИТЕТИ

KIRGIZİSTAN-TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ

**НУСКАМА**

---

# КЫРГЫЗ-ТҮРК “МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИНИН ДОЦЕНТТИН МИЛДЕТИН АТКАРУУЧУ, ДОЦЕНТ, ПРОФЕССОР НААМЫН БЕРҮҮ ЖАНА АЛАРДЫ ДАЙЫНДОО БОЮНЧА НУСКАМАСЫ

## БИРИНЧИ БӨЛҮМ

### Максаты, мазмуну, укуктук негиздемеси, аныктамалар жана кыскартуулар

**Максаты**

**1-берене.** Бул нускаманын максаты – Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде толук эмгек акы менен иштеген окутуучуларга доценттин милдетин аткаруучу, доцент жана профессор наамын берүү жана аларды аталган кызмат орундарына дайындоо боюнча жол-жоболорду жөнгө салуу.

**Мазмуну**

**2-берене.** Бул нускама Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде доценттин милдетин аткаруучу, доцент жана профессор наамын берүү жана аларды аталган кызмат орундарына дайындоо боюнча жол-жоболорду өз ичине камтыйт.

**Укуктук негиздеме**

**3-берене.** Бул нускама Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Уставынын тиешелүү беренелеринин негизинде даярдалган.

**Аныктамалар жана кыскартуулар**

**4-берене.** Бул нускамада төмөнкүдөй түшүнүктөр колдонулат:

**Камкорчулар кеңеши** : Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Камкорчулар кеңеши;

| | |
|---|---|
| **Университет** | : Кыргыз-Түрк “Манас” университети; |
| **Ректорат** | : Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректораты; |
| **Окумуштуулар кеңеши** | : Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Окумуштуулар кеңеши; |
| **Башкаруу кеңеши** | : Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Башкаруу кеңеши; |
| **KPDS** тилин | : Түркия Республикасынын коомдук кызматкерлеринин чет билүү деңгээлин аныктоо сынагы; |
| **ÜDS** тили | : Түркия Республикасынын университеттер аралык чет боюнча сынагы. |

**ЭКИНЧИ БӨЛҮМ**

**Доценттин милдетин аткаруучу, доцент жана профессор наамын берүү жана аларды дайындоо**

**Доценттин милдетин аткаруучу наамын берүү жана дайындоо**

**5-берене.** Доценттин милдетин аткаруучулукка талапкерлерден илимий даража (илимдин кандидаты/доктору же PhD), ал эми медицина тармагында иштегендерден ординатурадан, көркөм өнөр жаатында иштегендерден болсо ассистентура-стажировкадан өтүү талап кылынат.

**6-берене.** Бөлүмдөгү доценттин милдетин аткаруучу бош кызмат ордуна ректорат тарабынан басма сөз аркылуу конкурс жарыяланат. Жарыяда конкурска документтерди кабыл алуу мөөнөтү (15 күн) жана кабыл алуунун акыркы күнү белгиленет. Доценттин милдетин аткаруучулукка талапкерлер өмүр баянын, илимий иштерин, басылмаларда жарыяланган эмгектерин жана кулактандырууда талап кылынган башка документтерин камтыган папкасын 4 нускада даярдап ректоратка тапшырышат. Тапшырылган документтер ректорат тарабынан түзүлгөн “Алдын ала баалоо комиссиясы” тарабынан каралат. Алдын ала баалоо учурунда бул нускаманын тиркемесинде берилген критерийлерге талапкерлердин жооп берер-бербестиги аныкталат. Алдын ала баалоонун жыйынтыгы отчет түрүндө ректоратка берилет. Критерийлерге жооп бербеген талапкерлердин документтери эсепке алынбайт.

**7-берене.** Талапкерлердин KPDS же ÜDS сынактарынан кеминде 55 балл же бул сынактарга эквиваленттүү деп университеттин Окумуштуулар кеңеши тарабынан кабыл алынган сынактардын биринен тең келгендей баллга ээ болуусу керек. Чет тил сынагы боюнча алынган баллдардын ÜDS сынагынын баллдарына эквиваленттүүлүгү Окумуштуулар кеңеши тарабынан кабыл алынган “Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин чет тилин билүүнү баалоо боюнча эквиваленттик таблицасы”аркылуу эсептелинип аныкталат. Талапкердин илимий багыты чет тил болсо, ал башка чет тилдеринин биринен сынак берүүгө милдеттүү. Талапкерлердин жараны болгон өлкөсүнүн расмий тили/тилдери чет тили катары кабыл алынбайт.

**8-берене.** Алдын ала баалоо жана чет тили сынагынан өткөн талапкерлердин илимий иштерин баалоо үчүн ректорат тарабынан кеминде бир мүчөсү университеттин сыртынан болгон илимий адистиктери конкурс жарыяланган орунга туура келген үч профессор же үч доценттен турган комиссия түзүлөт. Ректорат комиссиянын мүчөлөрүнө талапкерлердин документтерин жиберип, эки айлык мөөнөт ичинде жазуу түрүндө пикирлерин билдирүүлөрүн талап кылат. Доценттин милдетин аткаруучунун ордуна бирден көп талапкер болгон учурда комиссия мүчөлөрү талапкерлердин ичинен бирин тандап сунушташат. Ректорат комиссиянын берген отчету боюнча университеттин Башкаруу кеңешинин пикирин эске алып, жыйынтыктоочу чечимин берет.

Доценттин милдетин аткаруучуну дайындоодо Түркия Республикасынын жарандарынын кыргыз тилинде, ал эми Кыргыз Республикасынын жарандарынын түрк тилинде сабак бере ала турган деңгээлде тийиштүү тилди билүүсү аларга конкурста артыкчылык берет. Башка мамлекеттердин жарандары болсо, түрк же кыргыз тилин билүүсү зарыл.

**Доцент наамын берүү жана дайындоо**

**9-берене.** Университет доцент илимий наамын ыйгарбайт. Түркия Республикасынын жарандары доценттик даражасын Түркиядан алуулары зарыл. Түркия Республикасынын жарандарынын башка мамлекеттерде алган доцент илимий наамы Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү комитети тарабынан таанылышы керек. Ал эми Кыргыз Республикасынын жана башка мамлекеттердин жарандары Түркия Республикасынан же жарандыгы болгон олкөдөн доцент наамын алышат жана университеттин дайындоо критерийлерине жооп берген талапкерлер доцент кызмат ордуна дайындалат.

**10-берене.** Университетте доценттик бош кызмат ордуна ректорат кулактандыруу аркылуу конкурс жарыялайт. Анда документтерди тапшыруу мөөнөтү (15 күн) жана тапшыруунун акыркы күнү белгиленет. Талапкерлер өмүр баянын, илимий иштерин, басылмаларда жарыяланган эмгектерин жана кулактандырууда талап кылынган башка документтерин камтыган папкасын 6 нускада даярдап ректоратка тапшырат. Тапшырылган документтер ректорат тарабынан түзүлгөн “Алдын ала баалоо комиссиясы” тарабынан каралат. Алдын ала баалоо учурунда бул нускаманын тиркемесинде берилген критерийлерге талапкерлер жооп берер-бербестиги аныкталат, өзгөчө талапкердин өзүнүн адистигинде эл аралык деңгээлде жарык көргөн оригиналдуу илимий макалалары болгондугу такталат. Алдын ала баалоонун жыйынтыгы отчет түрүндө ректоратка берилет. Критерийлерге жооп бербеген талапкерлердин документтери андан аркы иштетүүгө кабыл алынбайт.

Талапкерлер KPDS же ÜDS сынактарынан эң аз 65 балл же бул сынактарга эквиваленттүү деп университеттин Окумуштуулар кеңеши тарабынан кабыл алынган сынактардын биринен ага тең келгендей баллга ээ болуусу керек. Чет тил сынагы боюнча алынган баллдардын ÜDS сынагынын баллдарына эквиваленттүүлүгү Окумуштуулар кеңеши тарабынан кабыл алынган “Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин чет тилин билүүнү баалоо боюнча эквиваленттик таблицасы” аркылуу эсептелинип аныкталат. Талапкердин илимий багыты бир чет тили болсо, ал башка чет тилдердин биринен сынак берүүгө милдеттүү. Талапкерлердин жараны болгон өлкөсүнүн расмий тили/тилдери чет тили катары кабыл алынбайт.

**11-берене.** Ректорат тарабынан жарыяланган доценттик бош орун үчүн арыз берген

талапкерлердин документтерин карап чыгуу боюнча ректорат тарабынан кеминде эки мүчөсү университеттин сыртынан болгон илимий адистиктери конкурс жарыяланган орунга туура келген 5 профессордон турган комиссия түзүлөт. Ректорат комиссиянын мүчөлөрүнө талапкерлердин документтерин жиберип, эки айлык мөөнөт ичинде жазуу түрүндө пикирлерин билдирүүлөрүн талап кылат. Жарыяланган бир бош орунга бирден көп талапкер болгон учурда комиссия мүчөлөрү талапкерлердин ичинен бирин тандап сунушташат. Ректорат комиссиянын берген отчету боюнча университеттин Башкаруу кеңешинин пикирин эске алып жыйынтыктоочу чечимин берет.

Доценттикке дайындоодо Түркия Республикасынын жарандары кыргыз тилинде, ал эми Кыргыз Республикасынын жарандары түрк тилинде сабак бере ала турган деңгээлде тийиштүү тилди билүүсү аларга конкурста артыкчылык берет. Башка мамлекеттердин жарандары болсо, түрк же кыргыз тилин билүүсү зарыл.

**Профессор наамын берүү жана дайындоо**

**12-берене.** Университетте профессордук бош кызмат ордуна ректорат кулактандыруу аркылуу конкурс жарыялайт. Анда документтерди тапшыруу мөөнөтү (15 күн) жана тапшыруунун акыркы күнү көрсөтүлөт. Талапкерлер өмүр баянын, илимий иштерин, басылмаларда жарыяланган эмгектерин жана кулактандырууда талап кылынган башка документтерин камтыган папкасын 6 нускада даярдап ректоратка тапшырышат. Тапшырылган документтер ректорат тарабынан түзүлгөн “Алдын ала баалоо комиссиясы” тарабынан каралат. Алдын ала баалоо учурунда бул нускаманын тиркемесинде берилген критерийлерге талапкерлердин туура келип же келбегендиги аныкталат. Талапкерлер жарыяланган профессор орунунун илим тармагы боюнча бир университетте же илимий-изилдөө мекемесинде кеминде 3 (үч) жыл, жалпысынан кеминде 5 (беш) жыл иштеши жана эл аралык деңгээлде оригиналдуу илимий эмгектерин жарыялашы керек. Алдын ала баалоонун жыйынтыгы отчет түрүндө ректоратка тапшырылат. Критерийлерге жооп бербеген талапкерлердин документтери эсепке алынбайт.

Профессор кызматына дайындоодо конкурс жарыяланган профессордук орун бир чет тил тармагында болбосо, талапкерлерден чет тил деңгээлин тастыктаган документ талап кылынбайт. Эгер профессордук орун чет тил тармагында болсо, талапкерлерден ошол чет тил боюнча KPDS, ÜDS же YDS сынактарынан кеминде 85 балл же бул сынактарга эквиваленттүү деп университеттин Окумуштуулар кеңеши тарабынан кабыл алынган сынактардын биринен тең келгендей баллга ээ болуусу керек. Чет тил сынагы боюнча алынган баллдардын KPDS, ÜDS же YDS сынактарынын эквиваленттүүлүгү Окумуштуулар кеңеши тарабынан кабыл алынган *“Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин чет тилин билүүнү баалоо боюнча эквиваленттик таблицасы”*аркылуу эсептелинип аныкталат.

**13-берене.** Ректорат тарабынан жарыяланган профессордук бош орун үчүн арыз берген талапкерлердин документтерин карап чыгуу боюнча ректорат тарабынан кеминде эки мүчөсү университеттин сыртынан болгон илимий адистиктери конкурс жарыяланган орунга туура келген 5 профессордон турган комиссия түзүлөт. Ректорат комиссиянын мүчөлөрүнө талапкерлердин документтерин жиберип, эки айлык мөөнөт ичинде жазуу түрүндө пикирлерин билдирүүлөрүн талап кылат. Жарыяланган бир бош орунга бирден көп талапкер болгон учурда комиссия мүчөлөрү талапкерлердин ичинен бирин тандап сунушташат. Ректорат комиссиянын берген отчету боюнча университеттин Башкаруу кеңешинин пикирин эске алып

жыйынтыктоочу чечимин берет.

Профессорлукка дайындоодо Түркия Республикасынын жарандары кыргыз тилин, ал эми Кыргыз Республикасынын жарандары түрк тилинен сабак бере ала турган деңгээлде билүүсү аларга конкурстук тандоодо артыкчылык берет. Башка мамлекеттердин жарандары болсо, түрк же кыргыз тилин билүүсү зарыл.

**14-берене.** Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде эмгектенген Кыргыз Республикасынын жараны болгон окутуучулар Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан берилген доценттик жана профессорлук наамдарды алуу укугуна ээ. Бул учурда университет Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын тартипте-рине ылайык керектүү иштерди аткарат. Окутуучулар Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан доценттик жана профессорлук наамдарын алышкан учурда, университеттеги доценттик жана профессорлук кызматка дайындоо иши ушул нускамага ылайык жүргүзүлөт.

## ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

**Күчүнө кириши**

**14-берене.** Бул нускама Камкорчулар кеңеши тарабынан бекитилген күндөн баштап өз күчүнө кирет.

**Иш жүзүнө ашырылышы**

**15-берене.** Бул нускама Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректораты тарабынан иш жүзүнө ашырылат.

## ТИРКЕМЕЛЕР

### Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин доценттин милдетин аткаруучу, доцент жана профессор кызмат орундарына талапкер болуу критерийлери

**Профессорлук кызмат ордуна талапкер болуу үчүн:**

a) Доцент же профессор наамына ээ болуусу керек;
b) 1-таблицада көрсөтүлгөн иш-чаралар боюнча кеминде 240 баллга ээ болуусу зарыл;
c) Жалпы баллдын 180 баллын А-пунктунан Н-пунктуна чейинки (Н-пункту менен кошо) иш-чаралар жана бул 180 баллдын 80 баллын акыркы беш жыл ичинде аткарган иш-чаралар боюнча алуусу керек;
d) Доценттин наамын алгандан кийин конкурс жарыяланган профессордук орундун илимий адистиги боюнча бир жогорку окуу жайында же илим-изилдөө мекемесинде кеминде үч

(3) жыл иштөөгө тийиш;

e) Доценттин наамын алгандан кийин кеминде 5 жыл өтүшү керек;
f) Доценттин наамын алгандан кийин табигый жана медициналык илимдер жаатында SCI, SCI-Exp., SSCI жана AHCI маалыматтар базасына кирген журналдарда жарыяланган же жарыялоо үчүн кабыл алынган кеминде 5; коомдук жана гуманитардык илимдер менен көркөм өнөр жана спорт багытында SCI, SCI-Exp., SSCI, жана AHCI маалыматтар базасына кирген журналдарда жарыяланган кеминде 1 же Окумуштуулар кеңеши тарабынан кабыл алынган индекстүү журналдарда жарыяланган же жарыялоо үчүн кабыл алынган кеминде 5 макаланын автору болуусу керек. Көркөм өнөр жана спорт багытында 1-таблицадагы F- жана G-пункттарындагы иш-чаралардын ар биринен кеминде алты иш-чаранын аткарылышы талап кылынат.

**Доценттик кызмат ордуна талапкер болуу үчүн:**

a) 1-таблицада көрсөтүлгөн иш-чаралар боюнча кеминде 120 баллга ээ болуусу зарыл;
b) Жалпы баллдын 100 баллын A-пунктунан H-пунктуна чейинки (H-пункту менен кошо) иш-чаралар жана бул 100 баллдын 40 баллын акыркы үч жыл ичинде аткарган иш-чаралар боюнча алуусу керек;
c) Аспирантураны (докторантура) аяктагандан кийин SCI, SCI-Exp., SSCI жана AHCI маалыматтар базасына кирген журналдарда жарыяланган же жарыялоо үчүн кабыл алынган табигый жана медициналык илимдер жаатында кеминде 2, коомдук жана гуманитардык илимдер багытында кеминде 1 макаланын автору болууга тийиш. Көркөм өнөр жана спорт жаатында SCI, SCI-Exp., SSCI, AHCI маалыматтар базасына кирген журналдарда же Окумуштуулар кеңеши тарабынан аныкталган тармактык индекстүү журналдарда жарыяланган же жарыялоо үчүн кабыл алынган кеминде 2 макаланын автору болуу менен бирге 1-таблицадагы F- жана G -пункттарындагы иш-чаралар боюнча кеминде төрт иш-чаранын аткарылышы талап кылынат.

**Доценттин милдетин аткаруучу кызмат ордуна талапкер болуу үчүн:**

a) Илимий даражасын (илимдин кандидаты/доктору, PhD) алгандан кийин 1 жыл өтүшү керек;
b) Доценттин милдетин аткаруучуга талапкер болуу үчүн 1-таблицада көрсөтүлгөн иш-чаралар боюнча кеминде 60 баллга ээ болуусу зарыл;
c) SCI, SCI-Exp., SSCI жана AHCI маалыматтар базасына кирген журналдарда жарыяланган же жарыялоо үчүн кабыл алынган табигый жана медициналык илимдер жаатында кеминде 1, коомдук жана гуманитардык илимдер багытында SCI, SCI-Exp., SSCI жана AHCI маалыматтар базасына кирген журналдарда кеминде 1 макаланын автору болууга же Окумуштуулар кеңеши тарабынан аныкталган тармактык индекстүү журналдарда жарыяланган кеминде 2 макаланын автору болуу шарты талап кылынат. Көркөм өнөр жана спорт багытында болсо SCI, SCI Expanded, SSCI, AHCI тизмелерине кирген журналдарда же Окумуштуулар кеңеши тарабынан аныкталган тармактык индекстүү журналдарда жарыяланган же жарыялоо үчүн кабыл алынган кеминде 1 макаланын автору болуу менен бирге 1-таблицадагы F- жана G-пункттарындагы иш-чаралардын ар биринен кеминде эки иш-чаранын аткарылышы талап кылынат.

## 1-таблица. Доценттин милдетин аткаруучу, доцент жана профессор кызмат орундарына талапкерлерди баалоо критерийлери:

| | Баллы | Талапкер тарабынан толтурулат | |
|---|---|---|---|
| **A. Макала** | | **Саны** | **Баллы** |
| 1. SCI Expanded, SSCI, AHCI, ESCI журналдарында жарыяланган | 30 | | |
| 2. SCI Expanded, SSCI, AHCI, ESCIдан сырткары тармактык индекстүү журналдарда (Окумуштуулар кеңеши тарабынан аныкталган) жарыяланган | 15 | | |

| | |
|---|---|
| 3. Башка рецензияланган эл аралык жана улуттук журналдарда жарыяланган | 5 |
| **B. Доклад** | |
| 1. Эл аралык конгресстерде окулган жана толук тексти / тезиси басылып чыгарылган | 8/6 |
| 2. Улуттук конгресстерде окулган жана толук тексти / тезиси басылып чыгарылган | 4/3 |
| **C. Китеп/ текст жазуу** | |
| 1. Тармагы боюнча эл аралык басмаканаларда басылып чыккан илимий китеп | 60 |
| 2. Тармагы боюнча эл аралык басмаканаларда басылып чыккан китептин бөлүмү | 15 |
| 3. Тармагы боюнча улуттук басмаканаларда басылып чыккан илимий китеп | 30 |
| 4. Тармагы боюнча улуттук басмаканаларда басылып чыккан китептин бөлүмү | 10 |
| 5. Көркөм жана документалдуу кинонун сценарийин жазуу (ТВ же эл аралык кино фестивалдарында көрсөтүлгөн кино тасма) | 20 |
| **D. Журналдарда жана китептерде редактор болуу (акыркы беш жылда)** | |
| 1. SCI, SCI exp., SSCI, AHCI индекстүү журналдарда | 20 |
| 2. SCI Expanded, SSCI, AHCI, ESCIдан сырткары тармактык индекстүү журналдарда (Окумуштуулар кеңеши тарабынан аныкталган) жарыяланган | 10 |
| 3. Башка рецензияланган чет элдик жана улуттук журналдарда | 5 |
| 4. Тармагы боюнча эл аралык басмаканаларда басылып чыккан китептерде | 20 |
| 5. Тармагы боюнча улуттук басмаканаларда басылып чыккан китептерде | 10 |
| **E. Шилтемелер** | |
| 1. Окутуучу өзү автор болбогон, SSCI, SCI, SCI-Exp, AHCI, ESCI индекстүү журналдарда жарыяланган макалаларда анын эмгектерине жасалган жана WOS индексинде орун алган ар бир шилтеме үчүн | 5 |
| 2. Окутуучу өзү автор болбогон, SSCI, SCI, SCI-Exp, AHCI, ESCIдан сырткары индекстүү (Окумуштуулар кеңеши тарабынан аныкталган) журналдарда жарыяланган макалаларда анын эмгектерине жасалган ар бир шилтеме үчүн | 3 |
| **F. Патенттер/Автордук укуктар** | |
| 1. Тармагы боюнча эл аралык патент | 15 |
| 2. Тармагы боюнча улуттук патент | 10 |
| 3. Пайдалуу объект же модель | 15 |
| 4. Көркөм өнөр жана илим тармагындагы дизайндар (имарат, чөйрө, чыгарма, басылма, постер, афиша, брошюра сыяктуу) | 15 |
| 5. Жаңы сорт/раса (тукум) | 10 |
| **G. Көркөм өнөр багытындагы иш-чаралар** | |
| 1. Жеке катышуу, эл аралык/улуттук | 40/20 |

| | |
|---|---|
| 2. Чакыруу менен же конкурстук негизде чыгармачыл топ менен биргеликте катышуу, эл аралык/улуттук | 15/10 |
| 3. Эл аралык масштабдагы маданий иш-чаранын алкагында эфирге чыккан жана жаздырып алынган аудио же/жана видео материал, жеке же чыгармачыл топ менен биргеликте | 20/10 |
| 4. Улуттук масштабдагы маданий иш-чаранын алкагында эфирге чыккан жана жаздырып алынган аудио же/жана видео материал, жеке же чыгармачыл топ менен биргеликте | 10/5 |
| 5. TV жана радиодо программа даярдоо | 5 |
| **Н. Жыйынтыкталган илимий изилдөө долбоорлору** | |
| 1. Эл аралык уюмдар тарабынан колдоого алынган долбоор боюнча жетекчи болуу | 20 |
| 2. Эл аралык мекемелер тарабынан колдоого алынган долбоор боюнча изилдөөчү же кеңешчи болуу | 10 |
| 3. Улуттук уюмдар тарабынан колдоого алынган долбоор боюнча жетекчи болуу | 10 |
| 4. Улуттук мекемелер тарабынан колдоого алынган долбоор боюнча изилдөөчү же кеңешчи болуу | 5 |
| **I. Диссертацияларга илимий жетекчи болуу** | |
| 1. Доктордук диссертацияларга илимий жетекчи болуу | 10 |
| 2. Магистрдик диссертацияларга илимий жетекчи болуу | 5 |
| **А-пунктунан Н-пунктуна чейин (Н-пункту менен кошо) жалпы баллы** | |

| | |
|---|---|
| **Талапкердин жалпы баллы** | |

Жогоруда берилген маалыматтардын туура экендигин тастыктайм.

Талапкердин аты-жөнү Наамы Кол тамгасы Датасы

*Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Камкорчулар кеңешинин 2024-жылдын 25-апрелиндеги №2024-01/15 чечими менен бул нускаманын 9- беренесине өзгөртүү киргизилген.*

*Бул нускаманын тиркемесинде берилген "Доценттин милдетин аткаруучу, доцент жана профессор кызмат орундарына талапкерлерди баалоо критерийлери" деп аталган № 1-таблицага Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Камкорчулар кеңешинин 2019-жылдын 26-декабрындагы 2019-02/12-номерлүү чечими менен өзгөртүү киргизилген.*

*Бул нускаманын тиркемесинде берилген "Доценттин милдетин аткаруучу, доцент жана профессор кызмат орундарына талапкер болуу критерийлери" жана "Доценттин милдетин аткаруучу, доцент жана профессор кызмат орундарына талапкерлерди баалоо критерийлери" деп*

*аталган № 1 таблица Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Камкорчулар кеңешинин 2018-жылдын 2-июлундагы 2018-01/6-номерлүү чечими менен өзгөртүлгөн.*

*Бул нускаманын 12- жана 13-беренелери менен тиркемесинде көрсөтүлгөн “Профессорлукка талапкер болуу критерийлеринин” (f) пункту Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Камкорчулар кеңешинин 2016-жылдын 19-декабрындагы 2016-01/5-номерлүү чечими менен өзгөртүлгөн.*

*Бул нускама Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Камкорчулар кеңешинин 2012-жылдын 28-мартындагы 2012-01/2-d-номерлүү чечими менен кабыл алынган.*